# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ СОТУНУН ПЛЕНУМУНУН ТОКТОМУ

2025-жылдын 25-декабры Бишкек шаары

№ 44

**Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Пленумунун 2019-жылдын 24-майындагы № 14 “Тергөө судьялары тарабынан сотко чейинки өндүрүштө соттук контроль жүргүзүү боюнча соттук практиканын кээ бир маселелери жөнүндө” токтомуна өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу**

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Пленумунун токтомун инвентаризациялоонун жыйынтыгы боюнча жана мыйзамдардын өзгөрүшүнө байланыштуу “Кыргыз Республикасынын Жогорку соту жана жергиликтүү соттор жөнүндө” Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 18-беренесинин 7-пунктун, Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Регламентинин 3.2-пунктун жетекчиликке алып, Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Пленуму **токтом кылат:**

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Пленумунун 2019-жылдын 24-майындагы № 14 “Тергөө судьялары тарабынан сотко чейинки өндүрүштө соттук контроль жүргүзүү боюнча соттук практиканын кээ бир маселелери жөнүндө” токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

**1.** Токтомдун преамбуласы төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

“Тергөө судьялары тарабынан сотко чейинки өндүрүштө Кылмыш-жаза процессуалдык мыйзамдын бир түрдүү колдонулушун камсыз кылуу максатында, Кыргыз Республикасынын Жогорку Сотунун пленуму, Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 98-беренесинин 3-бөлүгүн, "Кыргыз Республикасынын Жогорку Соту жана жергиликтүү соттор жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 15-беренесин жетекчиликке алып токтом кылат:”.

**2.** Токтомдун 1-пункту төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

**“**1. Кылмыш иши өндүрүшүндө турган тергөөчүнүн, кызмат адамынын тиешелүү өтүнүчү тергөө аракеттерин же атайын тергөө амалдарын жүргүзүү мүмкүнчүлүгү жөнүндө маселени кароого негиз болуп санала тургандыгына тергөө судьяларынын көңүлүн бурсун.

Мындай өтүнүчтөрдү кароодо тергөө судьясы төмөнкүлөрдү аныкташ керек:

- өтүнүч Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза процессуалдык кодексинин (мындан ары КР КЖПК) талаптарына жооп береби;
- өтүнүч ушул сотко тиешелүүбү;
- кылмыш иши өтүнүч берген тергөөчүнүн өндүрүшүндө турабы;
- өтүнүчтө зарыл маалыматтар камтылганбы (конкреттүү тергөө аракетинин аталышы, турак жайды кароо же тинтүү жүргүзүлгөн жердин дареги ж.б.);
- өтүнүчкө аны кароо үчүн талап кылынган материалдардын тиркелгендигин (арыздын кылмыштардын жана жоруктардын Бирдиктүү реестринде катталышы (мындан

ары - КЖБР), ишти өз өндүрүшүнө кабыл алуу жөнүндө, тергөө мөөнөтүн узартуу жөнүндө, иш боюнча өндүрүштү кайра жандандыруу жөнүндө тапшырмалар, тергөө аракеттерин жүргүзүү үчүн негиздер бар экендигин далилдеген материалдар ж.б.);

Өтүнүчтү козгоо жөнүндө токтомдо тергөө аракеттерин, атайын тергөө амалдарын жүргүзүү үчүн зарылчылыгынын себептери жана негиздери баяндалат.**”.**

**3.** Токтомдун 2-пункту төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

**“**Тергөө судьясы сотко чейинки өндүрүштүн жүрүшүндө келип чыккан төмөнкү маселелерди жеке өзү карайт жана чечет:

1) кылмыш жасаганга шектүү адамды кармоонун мыйзамдуулугу жана негиздүүлүгү жөнүндө;

2) күрөө, үй камагы, экстрадициялык камак, камакка алуу, электрондук байкоо жүргүзүү түрүндө бөгөт коюу чараларын колдонуу жөнүндө;

3) бөгөт коюу чарасынын мөөнөттөрүн узартуу жөнүндө;

4) бөгөт коюу чараларын өзгөртүү жөнүндө;

5) тиешелүү экспертизаларды жүргүзүү үчүн камакта турбаган айыпталуучуну медициналык же психиатриялык стационарга жайгаштыруу жөнүндө;

6) жеке жана юридикалык жактардын эсептеринде жана аманаттарында же банктарда жана кредиттик уюмдарда сактоодо турган акчалай каражаттарын кошуп алганда, мүлкүнө, баалуу кагаздарына жана алардын сертификаттарына камак салуу жөнүндө;

7) айыпталуучуну кызмат ордунан убактылуу четтетүү жөнүндө;

8) каза болгон адамдын жакын туугандарынын, жубайынын макулдугу болбогондо, эксгумация жүргүзүү жөнүндө;

9) анда жашап турган адамдардын менчигинде турган турак жайды, ошондой эле башка укуктарындагы башка объекттерди, алардын макулдугу болбогондо кароо жүргүзүү жөнүндө;

10) алып коюуну жана (же) тинтүүнү жүргүзүү жөнүндө;

11) кылмыштуу чөйрөгө киргизүү жана (же) кылмыш ишин окшоштуруп тууроо, контролдонуучу жөнөтүү жана контролдук сатып алуу атайын тергөө аракеттеринен башка, атайын тергөө аракеттерин жүргүзүү жөнүндө”.

**4.** Токтомдун 3-пункту төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

**“**3. Тергөө судьясы ошондой эле прокурордун, тергөөчүнүн токтомдорунун, башка чечимдеринин, аракеттеринин (аракетсиздигинин) мыйзамдуулугун жана негиздүүлүгүн текшерет, тараптын өтүнүчү боюнча күбөнүн же жабырлануучунун көрсөтмөлөрүн депонирлөөнү жүзөгө ашырат, эгерде айыпталуучу сотко чейинки өндүрүштү жүзөгө ашыруучу органдан жашырынып кетсе же болбосо объективдүү иликтөөгө же соттук териштирүүгө тоскоолдук кылуучу аракеттерди жасаса, күрөөнү мамлекеттин кирешесине айландыруу жөнүндө чечим кабыл алат, эгерде айыпталуучу сотко чейинки өндүрүштү, жөнүндө процесстик макулдашууну бекитет жана алгачкы текшерүү органынын, тергөөчүнүн, прокурордун, тергөө бөлүмүнүн жетекчисинин аракеттерине (аракетсиздигине) жана чечимдерине кылмыш сот өндүрүшүнүн катышуучуларынын даттанууларын карайт.**”.**

**5.** Токтомдун 4-пункту төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

“Тергөө тобу тарабынан сотко чейинки өндүрүштү жүзөгө ашырууда тергөө судьясынын алдында тиешелүү өтүнүч козгоо укугу ушундай топтун жетекчисине гана берилет. Бирок өтүнүчтү кароого тергөө тобунун мүчөсү (тергөөчү) катышууга укуктуу.”.

**6.** Токтомдун 5-пункту төмөндөгүдөй редакцияда баяндалсын:

**“**Тергөө судьясы 1) Конституцияда аныкталган тартипте Жогорку Кеңеш тарабынан кызмат ордунан четтетилген Кыргыз Республикасынын Президентине, ошондой эле Кыргыз Республикасынын экс-президентине; 2) Жогорку Кеңештин депутатына; 3) Министрлер Кабинетинин төрагасына жана мүчөлөрүнө; 4) Башкы прокурорго; 5) судьяга, анын ичинде экс-судьяга; 6) Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын төрагасына; 7) Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын төрагасына; 8) Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын төрагасына жана мүчөсүнө; 9) Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысына (Омбудсменининин) (мындан ары - Акыйкатчы (Омбудсмен) жана анын орун басарына; 10) адвокатка жазык иши боюнча өндүрүштүн өзгөчө тартиби колдонулааарын жана соттук чечимдин негизинде гана жүргүзүлүүчү тергөө аракеттерин жүргүзүүгө уруксат КР КЖПКнын 56-главасынын талаптарын эске алуу менен берилерин эске алуулары зарыл.**”.**

**7.** Токтомдун 6-пункту төмөндөгүдөй редакцияда баяндалсын:

**“**Кылмыш сот өндүрүшүнүн катышуучуларынын тергөө судьясына даректелген өтүнүчү жана тергөө судьясынын токтомунун даярдалышы электрондук кол тамга коюлган документ формасында даярдалышы мүмкүн. Өтүнүчкө электрондук кол коюлган документ, электрондук документ же электрондук сүрөт түрүндөгү документтер тиркелиши мүмкүн.

Электрондук документ болуп, маалымат электрондук-санариптик формада берилген жана электрондук санариптик колтамга аркылуу ырасталган документ саналат.

Электрондук документ юридикалык күчү боюнча жазуу жүзүндөгү документке барабар далил катары таанылат жана анын электрондук санариптик кол тамга менен кол коюлган жана машиналык сактагычта жазылган нускалары түп нуска деп эсептелет. Кагаз жүзүндөгү электрондук документтердин көчүрмөлөрү алардын келип чыгышын көрсөтүүнү камтууга жана мыйзамдарда белгиленген тартипте күбөлөндүрүлүүгө тийиш.**”.**

**8.** Токтомдун 7-пункту төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

“Соттор тергөө же атайын тергөө амалдарын жүргүзүү жөнүндө өтүнүч көрсөтүлгөн аракеттер жүргүзүлгөн жер боюнча, ошондой эле конкреттүү кылмыш иши боюнча аларды жүргүзүүнү өтүнгөн орган турган жер боюнча маалыматтар кылмыштардын бирдиктүү реестрине киргизилген учурдан тартып жана кылмыш иши сотко жөнөтүлгөнгө, кылмыш өндүрүшү токтотулганга же жазык ишин козгоодон баш тартуу жөнүндө чечим чыгарылганга чейин берилиши мүмкүн экендигине негиздениши керек.”.

**9.** Токтомдун 8-пункту төмөндөгүдөй редакцияда баяндалсын:

“Өтүнүч териштирүү органы жайгашкан жерден же процесстик иш-аракеттер жүргүзүлгөн жерден эмес берилген учурда, тергөө судьясы аны кайтарып берүү жөнүндө токтом чыгарууга тийиш жана ал токтом даттанууга жатпайт.”.

**10.** Токтомдун 9-пункту төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

“Тергөө судьясы КР КЖПКга ылайык ишти маңызы боюнча чечүүдө соттук кароонун предмети болушу мүмкүн болгон маселелерди алдын ала чечпеши, тергөөнүн багыты жана тергөө амалдарын жүргүзүү жөнүндө көрсөтмө бербеши, сотко чейинки өндүрүштү жүргүзгөн адамдардын, прокурордун ордуна иш-аракеттерди жасашы жана чечим кабыл албашы керектигин эске алуу керек.”.

**11.** Токтомдун 10-пункту төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"Тергөө судьялары, КР КЖПКда каралган учурларды кошпогондо, тергөө аракеттерин жүргүзүү жөнүндө өтүнүч жабык сот отурумунда караларын эске алышы керек.".

**12.** Токтомдун 11-пункту төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

**"**Тергөө аракеттерин жүргүзүү жөнүндө өтүнүч прокурордун, тергөөчүнүн катышуусу менен өтүнүч келип түшкөн учурдан тартып 24 сааттан кечиктирилбестен тергөө судьясы тарабынан каралууга тийиш, ал эми атайын тергөө аракеттерин жүргүзүү жөнүндө өтүнүч атайын тергөө амалдары жүргүзүлгөн жерде же аларды жүргүзүү жөнүндө өтүнүч берген орган турган жерде, өтүнүч келип түшкөн учурдан тартып 24 сааттан кечиктирилбестен тергөө судьясы тарабынан жеке каралууга жатат.

Кошумча материалдарды талап кылуу зарылчылыгы болгон учурда өтүнүчтү белгиленген мөөнөттөн ашыкча, бирок 72 сааттан ашпаган мөөнөттө кароого жол берилет.

Өтүнүчтү кароо үчүн кыскартылган мөөнөттү эске алуу менен кабарлоону өз убагында камсыз кылууга телефонограмма, СМС-билдирүү (анын ичинде интернет мессенджери), факсимилдик байланыш каражаттарын, уюлдук телефон, электр жана почта байланышын жана башка байланыш каражаттарын расмий билдирүү үчүн пайдалануу сунушталат.**".**

**13.** Токтомдун 12-пункту төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

**"**Сот заседаниесинин башталышында тергөө судьясы кайсы өтүнүч каралууга тийиш экендигин жарыялоосу, келген адамдарга алардын укуктарын жана милдеттерин, анын ичинде баш тартуу жана өтүнүч билдирүү укугун түшүндүрүүсү зарыл. Андан кийин өтүнүчтү козгогон адам аны негиздейт, сот отурумуна келген башка адамдардын пикирлери угулгандан кийин тергөө судьясы токтом чыгаруу үчүн өзүнчө бөлмөгө бөлүнөт (КР КЖПКнын 37-главасы).

Тергөө судьясы чыгарган токтом сот жыйналышында жарыялanууга тийиш.**".**

**14.** Токтомдун 13-пункту төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

**"**Бир нече тергөө аракеттерин жүргүзүү жөнүндө өтүнүчтөр тергөөчү тарабынан ар бир тергөө аракети боюнча өзүнчө түзүлөт жана тергөө судьясы тарабынан ар бир конкреттүү учур боюнча өз-өзүнчө соттук актысы чыгаруу менен чечилет.

Тергөө амалдарын жүргүзүү жөнүндө өтүнүчтү чечүүдө тергөө судьясы ар бир учурда, өтүнүч козгоодо КР КЖПКнын талаптарынын сакталышын текшерүүдөн тышкары, ошондой эле өтүнүчтө көрсөтүлгөн тергөө амалдарын жүргүзүү үчүн негиз болгон иш жүзүндөгү жагдайлардын, маалыматтардын жана жүйөлөрдүн бар экендигин текшерүүгө милдеттүү.**".**

**15.** Токтомдун 14-пункту төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"Тергөө аракетин жүргүзүү жөнүндө өтүнүчтү кароонун натыйжасы боюнча тергөө судьясы себептерин көрсөтүү менен тергөө аракетин жүргүзүүгө уруксат берүү жөнүндө же аны жүргүзүүдөн баш тартуу жөнүндө токтом чыгарат.

Тергөө судьясынын токтомунун корутунду бөлүгү кандай тергөө аракеттерин жүргүзүүгө уруксат берилгендигин, кайсы жерде, кандай далилдерди алуу максатында жүргүзүлгөндүгүн, аны жүргүзүү мөөнөттөрүн камтууга тийиш.

Тергөө судьясынын токтому дароо мыйзамдуу күчүнө кирет жана милдеттүү түрдө аткарылууга тийиш.

КР КЖПКда каралган учурларда тергөө судьясынын токтому апелляциялык жана кассациялык тартипте даттанылышы мүмкүн, бул анын аткарылышын токтотпойт.”.

**16.** Токтомдун 15-пункту төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

“Тинтүүнү же алып коюуну жүргүзүүгө каршы болгон адамдардын менчигинде же башка мыйзамдуу ээлигинде турган турак жайды, ошондой эле башка объекттерди карап чыгуу жөнүндө өтүнүчтү чечүүдө тергөө судьялары КР КЖПКнын 5-беренелеринин 37 жана 60-пункттарында бекитилген түшүнүктөргө таянышы керек, ага ылайык турак жай деп жашоого ылайыктуу жана ага ылайыксыз жайлары бар жеке турак үй, менчигинин түрүнө карабастан турак жай фондуна кирген жана туруктуу же убактылуу жашоо үчүн пайдаланылуучу турак жай, ага тете эле турак жай фондуна кирбеген, бирок убактылуу жашоо үчүн пайдаланылуучу башка жай же курулма эсептелет, ал эми менчигинде же башка укукта турган башка объекти деп менчик же башка укукта турган транспорт каражаты, жер участогу, гараж, турмуш-тиричилик, кызматтык, чарбалык, өндүрүштүк же башка багыттагы башка курулма же жайды түшүнүү керек.”.

**17.** Токтомдун 16-пункту төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

“Тинтүү жана алып коюу тергөө судьясынын чечиминин негизинде жүргүзүлөт. Тинтүү жүргүзүү үчүн негиз болуп имаратта же башка жерде, болбосо адамда кылмыш иши үчүн мааниге ээ болушу мүмкүн болгон кылмыш куралдары, буюмдар, документтер жана баалуулуктар, анын ичинде камакка алынууга тийиш болгон мүлктү табуу болушу мүмкүн деген жетиштүү маалыматтардын болушу эсептелет.

Кылмыш иши үчүн мааниси бар белгилүү бир предметтерди жана документтерди алып коюу зарыл болгондо жана алардын кайда жана кимде экендиги так белгилүү болгондо, ошондой эле мүлктү конфискациялоо максатында аларды алып коюу жүргүзүлөт (КР КЖПКнын 212-беренеси).”.

**18.** Токтомдун 17-пункту төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

“Тергөө судьясы берилген материалдарда жасалган кылмыштын белгилери бар экендигин ырастаган жетиштүү жана объективдүү маалыматтар, изделип жаткан предметтердин, документтердин же болбосо маалыматтардын жазык ишинин жагдайлары менен байланышы, алардын болжолдуу далилдүү маанилүүлүгү, ошондой эле көрсөтүлгөн предметтер, документтер же адамдар тергөөчүнүн өтүнүчүндө көрсөтүлгөн дарек боюнча болушу мүмкүн деп негиздүү эсептөөгө мүмкүндүк берген маалыматтар камтылбаган учурларда тинтүү жүргүзүү жөнүндө өтүнүчтү канааттандыруудан баш тартууга милдеттүү.”.

**19.** Токтомдун 18-пункту төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

“Тергөө судьялары кылмыш иши үчүн мааниси бар предметтерди жана документтерди табуу жана алып коюу максатында шектүүгө же айыпталуучуга жеке тинтүүнү жүргүзүү үчүн тергөө судьясынын токтому талап кылынбагандыгын эске алышы керек, анткени жеке тинтүү адамдын конституциялык укуктарын жана эркиндиктерин чектебейт.”.

**20.** Токтомдун 19-пункту төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

“Соттор КР КЖПКнын 212-беренесинин талаптарына ылайык жеке жана юридикалык жактардын банктардагы жана башка кредиттик уюмдардагы аманаттары,

эсептери жана башка банктык операциялары жөнүндө маалыматтарды камтыган буюмдарды жана документтерди алып коюуга тергөө судьясынын токтомунун негизинде гана жол берилерин эске алышы керек.

Алып коюуну жүргүзүү жөнүндө өтүнүчтү козгоо жөнүндө токтомдо кайсы документ жана кандай максаттар үчүн алып коюлууга жатаары милдеттүү түрдө жүйөлөштүрүлүүгө тийиш.

Конкреттүү жазык ишине түздөн-түз тиешеси бар документтер гана алынып коюлууга жатат.

Кылмыш ишинин материалдарына тиркөө үчүн мамлекеттик жана ведомстволук архивдерден документтердин түп нускаларын алып коюуга жол берилбестиги сотторго түшүндүрүлсүн. Мындай учурларда, түп нусканы алып коюу документтердин түп нускаларын изилдөөнү талап кылган соттук экспертизаны дайындоо же жүргүзүү зарылдыгы менен шартталган учурларды кошпогондо, ишке тиркөө үчүн архивдик документтердин күбөлөндүрүлгөн көчүрмөлөрү гана берилет.

Ушундай эле тартип кылмыш, жарандык, административдик жана башка иштерди соттук архивдерден алып коюу жөнүндө өтүнүчтөрдү кароодо да колдонулат. Соттун архивиндеги иштин өзү алып коюунун предмети болушу мүмкүн эмес.

Алып коюу жөнүндө өтүнүчтү канааттандыруу жөнүндө токтомдо тергөө судьясы кайсы документтер алынууга тийиш экендигин, алар кайсы жакта же кайсы мекемеде жайгашканын, кандай максатта жана кайсы кылмыш иши боюнча аларды алып коюуга уруксат берилерин так көрсөтүүгө милдеттүү.”.

**21.** Токтомдун 20-пункту төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

“Соттор атайын тергөө аракеттери козголгон кылмыш иштери боюнча гана жүргүзүлөрүн эске алышы керек.

Тергөө судьясынын атайын тергөө аракетин жүргүзүү жөнүндө токтомунда аны өткөрүү мөөнөтү көрсөтүлөт. Почта-телеграфтык жөнөтүүлөргө камак салуу жана аларды карап чыгуу жана (же) алып коюу, сүйлөшүүлөрдү тыңшоо, абоненттер менен абоненттик түзүлүштөрдүн ортосундагы байланыш же абоненттик түзүлүштүн жайгашкан жери жөнүндө маалымат алуу, адамды же жерди аудио -, видеоконтролдоо, адамды же жерди байкоо сыяктуу атайын тергөө амалдары жазык иши боюнча тергөө мөөнөтүндө, бирок 2 айдан ашык эмес мөөнөттө жүргүзүлөт.

Өзгөчө учурларда мөөнөт тергөөчүнүн өтүнүчү боюнча гана ар бир жолу 2 айга чейинки мөөнөткө узартылышы мүмкүн жана мөөнөттү бир жылдан ашык узартууга жол берилбейт.”.

**22.** Токтомдун 21-пункту төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

“Кылмыш иши үчүн мааниси бар предметтер, документтер жана маалыматтар тиешелүүлүгүнө жараша бандеролдордо, посылкаларда жана башка почта-телеграфтык жөнөтүүлөрдө же болбосо телеграммаларда же радиограммаларда камтылышы мүмкүн деп болжолдоого жетиштүү негиздер болгон учурда аларга камак салынышы, аларды кароо жүргүзүлүшү, ал эми зарыл учурларда аларды алып коюу мүмкүн.

Мында кириш жана чыгыш кат-кабарларга камак салынышы мүмкүн.”.

**23.** Токтомдун 22-пункту төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

**“**КР КЖПКнын 1-беренесинин 230-бөлүгүнүн күчү менен шектүүнүн башка адамдар менен телефондук жана башка сүйлөшүүлөрүн тыңшоо тергөө судьясынын токтомунун негизинде жүргүзүлөт. Ошол эле учурда, эгерде үчүнчү жак иш үчүн мааниси бар маалыматты алат же берет деп эсептөөгө негиз бар болсо, тергөө судьялары КР КЖПКнын 5-беренесинин 219-бөлүгү үчүнчү жактарга карата атайын тергөө амалдарын жүргүзүүгө жол берерин эске алышы керек.**”.**

**24.** Токтомдун 23-пункту төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

“Тергөө судьяларынын көңүлүн абоненттер менен абоненттик түзүлүштөрдүн ортосундагы байланыш жөнүндө маалыматты алуу, бул абоненттердин ортосундагы байланыштын датасы, убактысы, узактыгы, абоненттердин номерлери жөнүндө маалыматтарды, башка маалыматтарды, анын ичинде абоненттерди идентификациялоого мүмкүндүк берген электрондук жана башка билдирүүлөрдү, ошондой эле кабыл алуучу базалык станциялардын номерлери жана жайгашкан орду жөнүндө маалыматтарды алуу экендигин эске алуу керек.

Абоненттерди идентификациялоого мүмкүндүк берген башка маалыматтарга, атап айтканда, абоненттик түзүлүштүн IMEI-коду жөнүндө же базалык станцияга карата телефон аппаратынын жайгашкан жери жөнүндө маалыматтар жана номер катталган адамдын анкеталык маалыматтары кирет.”.

**25.** Токтомдун 24-пункту төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

“Кылмыш чөйрөсүнө киргизүү жана (же) кылмыш ишин имитациялоо (КР КЖПКнын 237-бер.), контролдук жеткирүү (КР КЖПКнын 238-бер.), контролдук сатып алуу (КР КЖПКнын 239-бер.) сыяктуу атайын тергөө аракеттерин жүргүзүү үчүн соттук чечим талап кылынбагандыгына тергөө судьяларынын көңүлү бурулсун, анткени аларды өткөрүү жарандардын конституциялык укуктарын чектөөгө байланыштуу эмес.”.

**26.** Токтомдун 25-пункту төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

“Тергөө судьясынын тергөө аракеттерин жана атайын тергөө аракеттерин жүргүзүүдөн баш тартуу жөнүндө токтому даттанууга жатпайт.

Тергөө судьясынын атайын тергөө аракеттерин жүргүзүүдөн баш тартуусу мындай уруксат берүү жөнүндө жаңы өтүнүч менен кайталап кайрылууга тоскоолдук кылбайт.”

**27.** Токтомдун 26-пункту төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

“Соттор тергөө же атайын тергөө аракеттерин тергөө судьясынын токтомун албастан жүргүзгөн учурда тергөөчү тергөө аракети жүргүзүлгөн же атайын тергөө амалдары башталган учурдан тартып 24 сааттын ичинде тергөө судьясына жана прокурорго алардын жүргүзүлгөндүгү жөнүндө билдирүүгө милдеттүү экендигин эске алууга тийиш жана билдирүүгө жүргүзүлгөн тергөө аракетин же болбосо башталган атайын тергөө аракетин мыйзамдуу жана негиздүү деп табуу жөнүндө өтүнүчтү тиркөөгө тийиш.”.

**28.** Токтомдун 27-пункту төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

“Тергөө амалдарын (атайын тергөө амалдарын) кийинкиге калтырууга болбой турган учурларда соттун токтомусуз жүргүзүлгөндө, жүргүзүүнүн мыйзамдуулугу жана негиздүүлүгү КР КЖПКда каралган учурларда гана текшерилүүгө тийиш, атап айтканда тинтүү, алып коюу, мажбурлап кароо, турак жайга жана менчикте же башка укукта болгон башка объекттерге кирүү учурларында (КР КЖПКнын 172, 212, 235-беренелери).

Сотто тергөө аракеттерин жүргүзүү жөнүндө тергөөчүнүн чечиминин мыйзамдуулугу жана анын КР ЖПК талаптарына ылайыктуулугу текшерилүүгө тийиш.

Тергөө судьясы аны токтоосуз жүргүзүү зарылдыгын күбөлөндүргөн жагдайлар бар-жогун, мындай чечимди кабыл алуунун тартиби, ошондой эле КР КЖПКда белгиленген тергөө амалдарын жүргүзүүнүн тартиби сакталгандыгын текшерүүсү зарыл. Кечиктирилгис учурларга, мисалы, эгерде тергөө аракетин жүргүзүүнү кечеңдетүү шектүүнүн жашырынуусуна мүмкүндүк берсе, кылмыштын алдын алуу же бөгөт коюу боюнча чараларды ишке ашыруу зарыл болгон учур, кылмыштын предметтерин же куралдарын жок кылуунун же жашыруунун реалдуу коркунучу пайда болгон учур, тергөө аракети жүргүзүлүп жаткан бөлмөдө же башка жерде болгон адам иш үчүн мааниге ээ болушу мүмкүн болгон предметтерди же документтерди жашырып жатат деп эсептөөгө жетиштүү негиздер бар болгон кырдаалдар кирет.”.

**29.** Токтомдун 28-пункту төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

“Жүргүзүлгөн тергөө аракети же башталган атайын тергөө аракети мыйзамсыз деп табылган учурда тергөө судьясы иш боюнча белгиленген, чара көрүүнү талап кылган мыйзам бузуу фактыларына прокурордун көңүлүн буруу жөнүндө жеке аныктама чыгарууга тийиш.”.

**30.** Токтомдун 29-пункту төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

“Маркумдун жакын туугандарынын, жубайынын макулдугу болбогон учурда тергөө судьясы сотко чейинки өндүрүштүн жүрүшүндө эксгумация жүргүзүү жөнүндө чечим кабыл алууга укуктуу экендигин эске алуу зарыл. Эксгумация жүргүзүү жөнүндө өтүнүчкө тергөөчү маркумдун жакын туугандарынын, жубайынын эксгумация жөнүндө билдирүүсүн тиркөөгө тийиш (КР КЖПКнын 32-беренеси).

Жакын туугандарга ата-энеси, балдары, асырап алуучулар, асырап алынгандар, бир атадан жана бир энеден тараган жана атасы же энеси бөлөк болгон ага-инилер жана эже-сиңдилер, чоң ата, чоң эне, таята, таене, неберелер киреерин соттор эске алуулары зарыл (КР КЖПКнын 5-бер.19-бер.).

Эксгумация жөнүндө өтүнүч материалдар сотко келип түшкөн учурдан тартып 24 сааттын ичинде тергөө судьясы тарабынан тараптардын катышуусуз каралат. Мыйзамдуу жана негизделген чечимди кабыл алуу үчүн мааниге ээ болгон жагдайларды иликтөө зарыл болгондо, тергөө судьясы тиешелүү адамдардын жана прокурордун катышуусу менен сот отурумун өткөрүү жөнүндө токтом кылат (КР КЖПКнын 177-беренесинин 2-бөлүгү).”.

**31.** Токтомдун 30-пункту төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

“Тергөөчү экспертиза дайындоо жөнүндө процесстин катышуучусунун өтүнүчүн канааттандыруудан баш тарткан учурда, аны билдирген адам тергөө судьясына тиешелүү өтүнүч менен кайрылууга укуктуу (КР КЖПКнын 179, 182-беренелери). Өтүнүчкө экспертизаны дайындоо жөнүндө өтүнүчтү канааттандыруудан тергөөчүнүн баш тартуусу жөнүндө токтомдун көчүрмөсү, анын ичинде кайталап, комиссиялык же комплекстүү экспертизаларды өткөрүүдөн баш тартуу токтому дагы тиркелүүгө тийиш. Мында процесстин коргоо тарабынан катышуучулары гана эмес, жабырлануучу, жеке айыптоочу жана алардын өкүлдөрү да ушундай өтүнүч менен кайрылууга укуктуу экендигин эске алуу керек.

Экспертизаны дайындоо жөнүндө өтүнүч прокурордун, тергөөчүнүн жана жабык сот отурумунда өтүнүч берген адамдын катышуусу менен тергөө судьясы тарабынан каралууга тийиш. Сот отурумунун орду жана убактысы жөнүндө сот тарабынан өз

убагында кабарландырылган учурда процесстин катышуучуларынын келбей калышы, бул адамдын катышуусу тергөө судьясы милдеттүү деп таанылгандан башка учурларда, бул өтүнүчтү кароого тоскоолдук кылбайт.

Тергөө судьясынын өтүнүчтү канааттандыруудан баш тартуу жөнүндө токтому апелляциялык тартипте даттанылышы мүмкүн.”.

**32.** Токтомдун 31-пункту төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

“Материалдык зыяндын жана (же) моралдык зыяндын ордун толтуруу, башка мүлктүк жаза чаралары же мүлктү мүмкүн болгон конфискациялоо бөлүгүндө өкүмдүн аткарылышын камсыз кылуу үчүн мүлккө камак салуу жөнүндө өтүнүч билдирилген учурда тергөө судьялары камак салынган мүлктүн наркы кылмыш тарабынан келтирилген зыянга шайкеш келүүгө тийиш экендигин эске алышы керек, ушуга байланыштуу судья мүлктүн наркына ылайык келген бөлүгүнө камак салуу жөнүндө өтүнүчтү канааттандыруу тууралуу чечим кабыл алууга укуктуу.

Мүмкүн болгон мүлктү конфискациялоо бөлүгүндө өкүмдүн аткарылышын камсыз кылуу үчүн мүлктү камакка алуу жөнүндө өтүнүчтү карап жатып, тергөө судьясы камакка алуу үчүн чындыгында мыйзамдуу негиздер бар же жок экендигин, мүлк шектүүнүн менчигинде экендигин ж. б. текшерүүгө милдеттүү.

Жабырлануучу КР КЖПКнын 121-беренесинде каралган тартипте жана шарттарда материалдык зыяндын жана (же) моралдык зыяндын ордун толтурууну камсыз кылуу максатында мүлктү камакка алуу жөнүндө тергөө судьясына өтүнүч берүүгө укуктуу. Мүлккө камак салуу жөнүндө өтүнүчкө өтүнүчтүн негиздүүлүгүн ырастаган иштин материалдарынын күбөлөндүрүлгөн көчүрмөлөрү тиркелүүгө тийиш.

Шектүү болуп саналбаган же мыйзам боюнча анын аракеттери үчүн материалдык жоопкерчилиги жок адамдын мүлкүнө камак салууда өтүнүчтү канааттандыруу жөнүндө токтомдун корутунду бөлүгүндө тергөө судьясы камакка алынган мүлккө ээлик кылуу, пайдалануу жана тескөө менен байланышкан чектөөлөрдү белгилөөгө укуктуу, алар бул мүлктү тескөөгө тыюу салуусу менен чаглдырылат (сатып алуу-сатуу, ижарага берүү, белекке берүү, күрөө келишимдерин түзүү ж.б.) (КР КЖПКнын 121-беренеси).

Мүлккө камак салуу менчик ээсине же мүлктүн ээсине мүлктү тескөөгө жана зарыл учурларда пайдаланууга тыюу салуудан, ошондой эле мүлктү алып коюудан жана сактоого өткөрүп берүүдөн турат.”.

**33.** Токтомдун 32-пункту төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

“Сотко чейинки өндүрүштө кызмат адамдарынын аракеттерине жана чечимдерине, жазык ишин козгоо, айыпкер катары тартуу жөнүндө токтомдорду, прокурор тарабынан айыптоо актысын бекитүүнү кошпогондо, жазык иши тиешелүү сот тарабынан өз өндүрүшүнө кабыл алынганга чейин гана даттанылышы мүмкүн экендигине көңүл буруу зарыл.

Даттанууну кылмыш сот өндүрүшүнүн бардык катышуучусу же жүргүзүлүп жаткан процесстик аракеттер жана кабыл алынып жаткан процесстик чечимдер анын кызыкчылыктарын козгогон бөлүгүндө башка адам, ошондой эле арыз ээсинин таламын жактаган жактоочу, мыйзамдуу өкүл же өкүл берүүгө укуктуу жеке жак да, юридикалык жактын өкүлү да арыз ээси боло алат (КР КЖПКнын 130, 271- беренелери).

Тиешелүү эмес адамдан даттануу келип түшкөндө, эгерде даттануу сотто каралууга жатпаса, даттануу мөөнөтү аяктагандан кийин берилсе, мурда ушундай негиздер боюнча

даттануу каралган учурларда, тергөө судьясы себептерин көрсөтүү менен ал боюнча өндүрүштү токтотот, бул жөнүндө жүйөлөштүрүлгөн токтом чыгарат.

Алгачкы текшерүү органынын, тергөөчүнүн, тергөө бөлүмүнүн жетекчисинин, прокурордун чечимине, аракетине (аракетсиздигине) даттануулар бул аракеттердин натыйжалары менен таанышкан же чечимдин көчүрмөсүн алган учурдан тартып 10 сутканын ичинде берилиши мүмкүн. (КР КЖПКнын 127-бер.)

Даттануу боюнча чыгарылган тергөө судьясынын токтому ал чыгарылган күндөн тартып беш сутканын ичинде апелляциялык тартипте даттанылышы мүмкүн.

Сотко чейинки өндүрүштө жазык ишин токтотууга даттануу боюнча тергөө судьясынын токтому апелляциялык токтом чыгарылган күндөн тартып он сутканын ичинде кассациялык тартипте даттанылышы мүмкүн.”.

**34.** Токтомдун 33-пункту төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

“Тергөө судьялары Кылмыш-жаза процессуалдык кодекси тергөөчүгө тергөө судьясынын токтомуна даттануу укугун бербестигин эске алышы керек.”.

**35.** Токтом 34–38-пункттар менен толукталсын:

“34. Тергөө судьясы даттанууну кароодо төмөнкүлөргө укуксуз: КР КЖПКга ылайык ишти маңызы боюнча чечүүдө соттук кароонун предмети болушу мүмкүн болгон маселелерди чечүүгө; иште болгон далилдерге баа берүүгө; шектүүнүн күнөөсүнүн далилдениши же далилденбегендиги жөнүндө тыянак чыгарууга; чогултулган далилдердин жол берилүүчүлүгү же жол берилбестиги жөнүндө маселелерди талкуулоого; тергөөнүн багыты жана тергөө аракеттерин жүргүзүү жөнүндө көрсөтмө берүүгө; сотко чейинки өндүрүштү жүргүзгөн адамдардын жана көзөмөлдөөчү прокурордун ордуна иш-аракеттерди жасоого жана чечим кабыл алууга.

Ошондой эле КР КЖПКнын 130-беренесинин 2-бөлүгүнүн ылайык тергөө судьясы прокурордун, тергөөчүнүн токтомунун мыйзамдуулугун гана эмес, ошондой эле алардын башка чечимдеринин жана аракеттеринин (аракетсиздигинин) негиздүүлүгүн да текшере тургандыгын эске алуу керек.

35. Соттор сотко чейинки өндүрүшкө катышкан тергөө судьясы биринчи, апелляциялык жана кассациялык инстанциядагы сотто ошол эле ишти маңызы боюнча кароого катыша албастыгын эске алышы керек.

36. Тергөө судьясы КР КЖПКнын 5-беренесинин 20-пунктуна ылайык мамлекеттик органдардын, ошондой эле менчигинин түрүнө карабастан уюмдардын жетекчилеринин жана башка кызмат адамдарынын иш боюнча аныкталган мыйзам бузуу фактылары боюнча чараларды көрүүнү талап кылуу менен мамлекеттик органдардын жетекчилеринин, ошондой эле менчигинин түрүнө карабастан, уюмдардын жана башка кызмат адамдарынын жеке аныктама чыгаруу менен көңүлүн буруп, алар кеминде бир айлык мөөнөттө тиешелүү чараларды көрүү жөнүндө тергөө судьясына билдирүүгө тийиш.

37. Эгерде сотко чейинки өндүрүш аяктаса жана тергөө судьясынын токтомуна апелляциялык даттануу (сунуштама) келип түшкөн иш аны маңызы боюнча кароо үчүн сотко жөнөтүлсө, анда апелляциялык инстанциядагы сот даттануу (сунуш) боюнча өндүрүштү токтотот, бул жөнүндө арыз ээсине билдирилет жана ошол эле учурда тергөө аракетин жүргүзүүдө мыйзамдын талаптарынын бузулгандыгы жөнүндө анын жүйөлөрү

кылмыш иши боюнча соттук териштирүүнүн жүрүшүндө текшерилиши мүмкүн экендиги түшүндүрүлөт.

38. Тергөө судьясынын токтомдоруна даттануулар (сунуштар) боюнча чыгарылган апелляциялык инстанциядагы соттун чечимдери даттанууга жатпайт.”.

**36.** Бул токтом Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Регламенти менен белгиленген тартипте жана мөөнөттөрдө күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Жогорку сотунун төрагасы** **М.А. Сатыев**

**Пленумдун катчысы,**
**Кыргыз Республикасынын**
**Жогорку сотунун судьясы** **Т.Т. Чаргынова**

**Маалымкат-негиздеме**

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Пленумунун 2019-жылдын 24-майындагы № 14 “Тергөө судьялары тарабынан сотко чейинки өндүрүштө соттук контроль жүргүзүү боюнча соттук практиканын кээ бир маселелери жөнүндө” токтомуна өзгөртүүлөрдү киргизүү талап кылынат, анткени анын жоболору төмөндө көрсөтүлгөн ченемдерге шилтеме жасайт:

- Кыргыз Республикасынын 2017-жылдын 2-февралындагы №20 Кылмыш-жаза процессуалдык кодекси, ал өз күчүн жоготкон жана учурда анын ордуна 2021-жылдын 28-октябрында кабыл алынган №129 Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза процессуалдык кодекси колдонулууда;
- Кыргыз Республикасынын 2017-жылдын 2-февралындагы №19 Жазык кодекси, ал өз күчүн жоготкон жана учурда анын ордуна 2021-жылдын 28-октябрында кабыл алынган №127 Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодекси колдонулууда.